# Ким бир коомго өзүн окшотсо, анда ал ошолордон

Ибн Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте, ал айтты: Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ким бир коомго өзүн окшотсо, анда ал ошолордон».
[Хасан (жакшы)] [Абу Дауд жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кимде-ким каапыр, бузуку же жакшы бир коомго өзүн окшотуп, аларга тиешелүү болгон акыйдаларынан, ибадаттарынан же үрп-адаттарынан бир нерсени аткарса, анда ал алардан болот. Анткени аларга өзүн-өзү сыртынан окшотуу алардын ички дүйнөсүнө да окшошуп калууга алып барат. Адамдарды тууроо аларга суктануунун натыйжасы экени талашсыз. Бул аларды сүйүүгө, аларды улуулоого, аларга таянууга алып келиши мүмкүн. Ал тургай ички ишениминде да жана ибадатта да аларга окшошууга алып келиши мүмкүн. Аллах андай болуудан сактасын.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5353